**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТ АППАРАТЫ**
**БУУнун ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ «ДЕМОКРАТИЯЛЫК БАШКАРУУ»**

**долбоордун алкагында**

**«АЯЛДАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТКА ЖАНА САЯСАТКА КӨТӨРҮҮ»**
**(Швециянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин／SIDA колдоосу астында)**

---

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАРЫНА ГЕНДЕРДИК АНАЛИЗ

БИШКЕК – 2008

Кыргыз Республикасында көп партиялуу демократиянын өнүгүшүнүн формалдуу тарыхы эгемендүү мамлекеттин пайда болушу менен чогуу башталган. Бирок, партиялык түзүлүштүн өнүгүшү үчүн реалдуу шарт 2007-жылы[1] Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекстин кабыл алынышы менен пайда болгон. Ал саясый партияларга саясый турмуштун толук кандуу субьектиси жана бийлик үчүн күрөшкө реалдуу катышууга мүмкүнчүлүк берди.

Кыязы, Шайлоо жөнүндө Кодекс кабыл алынган күндөн тартып, Жогорку Кеңешке – Республикалык парламентке шайлоолор башталганга чейинки саясый окуялар тез болгондуктан партиялар жаңы стратегияны түзүп жана программалык максаттарды жакшылап ойлонуштурууга чамасы жеткен жок. Ошол эле учурда бардык дүйнөдөгүдөй эле жаштар, этностор жана аялдардын саясый ресурстары талап кылынууга тийиш, анткени жаңы шайлоо мыйзамы ошону талап кылат.

Бул отчет, түздөн-түз парламенттик шайлоолор учурунда саясый партиялардагы гендердик режимди калыптандыруу процесстерин жана тартипти ачык-айкын изилдөөгө багытталган жана негизделген. Изилдөө жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы менен БУУнун ӨПдин (ПРООНдун) "Аялдарды мамлекеттик кызматка көтөрүү жана саясатка катыштыруу" деген өнөктөштүк долбоордун бир бөлүгү болуп саналат.

Отчет Кыргыз Республикасынын саясый партияларынын ишинде гендердик мамилелерди алга жылдыруу процесстерине жана белгилүү гендердик режимди калыптандырууда партия мүчөлөрүнүн ролуна терең ой жүгүртүп жана баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Отчет көз карандысыз гендердик эксперттер: Назаркулова Эльмира, Акматова Чолпон тарабынан жазылган жана Ибраева Гүлнара (кыргызчасы Ахматова Дилде) тарабынан редакцияланган.

**Бул жарыялоодо (публикацияда) берилген көз караштар авторлордун оюун гана билдирет жана КРдеги БУУнун ӨП (ПРООН) позициясы менен туура келбеши да мүмкүн.**

[1] Буга чейин эгемендүү Кыргызстандын тарыхында кыска убакытта (2000- 03-ж.ж.) шайлоолор партиялык тизме боюнча өткөрүлгөн. Шайлоо мыйзамынын принцибинин өзү аралаш болгон, ал бир мандаттуу округдар, ошондой эле, партиялык тизме боюнча добуш берүүгө шарт түзгөн. Бирок, бир жагынан бул мезгилдин кыска мөөнөттүү болушу, экинчи жагынан анын шайлоо этаптарынын ортосуна туш келиши саясый партияларды өнүктүрүүнүн фактору боло алган эмес.

**МАЗМУНУ**

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ... 4**

**КИРИШҮҮ ... 5**

**1-БӨЛҮМ. ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ, АНЫН КОНЦЕПЦИЯЛЫК НЕГИЗИ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ЫКМАЛАРЫ ... 6**

**2-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРЫНЫН ГЕНДЕРДИК АСПЕКТТЕРИ ... 7**

**3-БӨЛҮМ. САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАР ЖАНА ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛООЛОР АЛДЫНДА ПАРТИЯЛАРДАГЫ ГЕНДЕРДИК РЕЖИМ ... 11**

**4-БӨЛҮМ. 2007-ЖЫЛДЫН 16-ДЕКАБРЫНДА ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ШАЙЛООЛОРДОГУ ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕР-АЯЛДЫН ПОРТРЕТИ ... 16**

**5-БӨЛҮМ. 2007-ЖЫЛДАГЫ ШАЙЛООЛОРДО САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАРДЫН ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮНҮН ГЕНДЕРДИК АСПЕКТТЕРИ ... 26**

**КОРУТУНДУ ... 29**

**Кыскартуулардын тизмеси**

| | |
|---|---|
| АУП | 2007-2010-жылдарга Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Аракеттенүүнүн Улуттук Планы |
| КР ЖК | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| КР ПА | Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы |
| КР ПМА | Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппараты |
| Улстатком | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| ЕККУ (ОБСЕ) | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм |
| КР БШК | Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы |
| ҮМБ | Үй-бүлөлүк медицина борбору |
| БФЭА | Бишкек финансы-экономикалык академиясы |
| ОшТУ | Ош технологиялык университети |
| ЖАМУ | Жалал-Абад мамлекеттик университети |
| 2001-2005-ж. КРдин Улстаткомдун ГБС жыйнагы | Улстаткомдун “Кыргыз Республикасынын аял жана эркектери, 2001-2005-жылдары” гендердик-бөлүштүрүү статистика жыйнагы |

# КИРИШҮҮ

2007-жылдагы парламенттик шайлоолор эгемендүү Кыргызстандын өнүгүү тарыхындагы маанилүү учур болуп калды. Тарыхий окуялар бүтүндөй бир катар фактылар менен шартталган. Алар - Кыргыз Республикасында жаңы пропорциялуу шайлоо системасын киргизүү, шайлоо мыйзамында аялдар , жаштар жана этностук азчылыктарды колдоо боюнча атайын чараларды кабыл алуу, жаңы шайлоо принциптерин киргизүү жана өлкөбүздө жаш демократиялык институттарды жаңылоо үчүн жарандык коомдун ар кандай секторлорунун стратегиясын колдоого алуу.

Мына ушундай маанилүү өзгөрүүлөрдүн аркасында өлкөдөгү саясый системаны өнүктүрүүдө 2007-жылдагы кыйла маанилүү жетишкендиктердин бирине: шайлоо укугуна гендердик квоталарды киргизүүгө жана жалаң эркектерден турган парламенттин тарыхынын аякташына жетишилди.

Аялдардын саясый өкүлчүлүгүнүн маселелери боюнча бир кыйла изилдөөлөр бар, алар шайлоо системасынын тиби менен парламентке шайланган аялдар үлүшүнүн ортосундагы тикелей байланышты белгилеген. Бирок, ушул сыяктуу бардык изилдөөлөр туруктуу демократиялуу өлкөлөрдү иликтөөнүн негизинде жүргүзүлгөн. Демократияга жаңыдан киришкен өлкөлөрдү изилдөөдө карама-каршылыктуу тенденциялар орун алган бирин-эки гана мисалдар бар. Атап айтканда, изилдөөчү Мейтленд “саясый өнүгүүнүн минималдуу босогосу бар, аны аялдар натыйжалуу уюшуп жана шайлоо укугу сыяктуу институттарды өз кызыкчылыгына пайдалануусу зарыл[2]» деген гипотезаны түзгөн.

Жаңы демократиялуу өлкө Кыргызстан жакындан баштап эле демократиялык институттарды жана процедураларды өнүктүрө баштаган. Эгерде мурдагы жылдары саясый партиялардын системасы, гендердик теңчилик жана демократиянын башка негизги элементтери негизинен оозеки деңгээлде гана өнүгүп келсе, ал эми 2007-жылы партиялык системаны өнүктүрүү, ошондой эле, аялдардын саясый өкүлчүлүгүн жылдыруу сыяктуу мыйзамдуу негиздерди түзүүгө жетишилди.

Көп жагынан алганда саясый партиялардын институттук өнүгүшүнүн кайталангыс кыргызстандык тарыхын изилдөө жана партиялык түзүлүшкө гендердик квота интеграциялоо бүгүнкү күндө маанилүү милдет болуп саналат, анткени бул процесстердин алгачкы сабактарын жана чакырыктарын ойлонуштуруу биздин демократияны андан ары тереңдетүү жана өнүктүрүү үчүн негиз болуп калат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы менен БУУнун ӨПнын (ПРООНдун) “Аялдарды мамлекеттик кызматка көтөрүү жана саясатка катыштыруу” деген долбоорунун чегинде эл аралык кызматташтык боюнча Швед бюросунун колдоосу менен болуп өткөн шайлоо процесстерине гендердик талдоо жасоо жана өлкөнүн негизги саясый партияларынын гендердик режимин иликтөө маанилүү, актуалдуу жана келечектүү болуп саналат.

Иликтөөнүн натыйжалары, сөзсүз түрдө, калктын кеңири чөйрөсү – актуалдуу күн тартибине жана аракеттенүү стратегиясына баа берүү жана коррекциялоо максатында укуктук системаны түзүү жана мамлекетти саясый-экономикалык жактан өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу жагында иштеген мамлекеттик кызматчылар, партиялык түзүлүштүн эң баштапкы этабында турган саясый партиялардын өкүлдөрү жана кызматкерлери, жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү,

[2] Р. Мозер. Посткоммунисттик өлкөлөрдө аялдардын өкүлчүлүгүнүн шайлоо системасына тийгизген таасири // Саясый системаларды гендердик реконструкциялоо. Н.Степанова менен Е.Кочкинанын редакциясы астында.. Спб., Алетейя, 2004,798-бет.

социалдык маселелер жагында иш жүргүзгөн жана саясат чөйрөсүн иликтөө жагында иштеген илимпоздор үчүн кызыкчылык туудурат.

## 1-БӨЛҮМ. ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ, АНЫН КОНЦЕПЦИЯЛЫК НЕГИЗИ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ЫКМАЛАРЫ

Шайлоо системасын өзгөртүү жана биздин өлкөдө пропорциялуу шайлоо принциптерин киргизүү саясый партиялардын өнүгүшүнө түрткү берди. Эгерде мурда саясый партиялар саясый таасир көрсөтүү жана бийлик үчүн күрөштө аракеттенүүнүн тикелей механизмдерине ээ болбой келген болсо, партиялык тизме боюнча (пропорциялуу система) шайлоону киргизүү менен алар бийликтин ыйгарым укуктары үчүн саясый күрөштүн негизги субьектисине айланды. Саясый партиялар үчүн мындай статусту жана мүмкүнчүлүктөрдү алуу процессинде кыйла чоң мүчүлүштүктөрү айкын болуп турат:

- Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекс парламенттик жарыш башталаар "алдында" кабыл алынды (демек, партиялардын жаңы укуктук шартта партиялык түзүлүштү өнүктүрүүгө убакыты калган эмес);
- шайлоо мыйзамынын бир катар жоболору партиялардын саясый блокторун түзүү укугун чектеп жана жаңыдан пайда болгон партияларга салыштырмалуу көп жылдан бери өнүгүп келген партияларга эч кандай артыкчылык берилген эмес;
- ошондой эле, жаңы мыйзам белгилүү бир саясый партиянын пайдасына бийликтин ээлтен берки административлык ресурстарды пайдалануусуна натыйжалуу каршылык кыла алган жок.

Ошондой болсо да бийлик менен оппозициянын татаал жана узакка созулган карама-каршылыгынан келип чыккан Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекс өлкөнү жана партиялык институттарды демократиялуу өнүктүрүүдө алга кадам болуп калды.

Европанын кыйла өнүккөн өлкөлөрдүн коомдук-саясый турмушунун борборунда турган демократиялык системадагы саясый партияларда тажрыйбасы саясый мобилизациялоо жана аялдардын саясый лидерлигин өнүктүрүү процессинде аялдардын маанилүү роль ойной тургандыгын далилдеп турат. Европанын өнүккөн өлкөлөрүндө партиялардын аялдарга болгон мамилелеринин белгилүү спектри бар, ошондой болсо да бардык эле жерде бирдиктүү тенденция байкалбайт. Саясый партиялар партия мүчөлөрү - активдүү аялдардын кысымы астында өз манифесттерине калыптанган программалык талаптарды коет жана коюуп жатышат жана алар аны партиянын расмий саясатына айландырышууда. Алар гендердик теңчилик принцибин турмушка ашыруу кепилдигинин белгилүү системасын кабыл алышты.[3]

Бир партиялуу тоталитардык системасынын калдыктарынан арылып жаткан постсоциалисттик өлкөлөрдө партиянын ичинде гендердик режимдерди изилдөө жана мамлекет менен коомдо гендердик теңчиликти өнүктүрүүгө партиялардын тийгизген таасирин иликтөө тажрыйбасы дээрлик жок. Мындай изилдөөлөр ошол тажрыйбанын кемчиликтерин жоюуга багытталган жана Кыргызстандын саясый партияларын башкарууда, алардын ички структурасында гендердик мамилелерди иликтөө, ошондой эле, партиялардын негизги программалык документтериндеги гендердик багыттарын табуу максатын өз алдына коет.

Изилдөө үчүн анын чегинде саясый партиялар жана шайлоо системасы жагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына гендердик талдоо, 2007-жылкы

[3] Кененирээк караңыз, "Саясый системаларды гендердик реконструкциялоо" 207-бет.

парламенттик шайлоолорго катышкан негизги саясый партиялардын гендердик режимдерин талдоо жана парламентке депутаттыкка талапкерлердин үгүт өнөктүгүнүн документтерин гендердик талдоо жүргүзүлгөн.

*Изилдөө* менен төмөнкүлөр аныкталды:

- Партия мүчөлөрү аялдардын саясый лидерлигине карата мамилеси жана партияны жана өлкөнү башкарууга аялдарды көтөрүү үчүн чара көрүү зарылчылыгы жөнүндө маселени коюу;
- Аялдардын партиялардагы (шайлоо алдындагы күрөштөгү) жигердүүлүк формасы жана орду;
- Партиянын ичинде гендердик теңсиздикти кыскартуунун кыйла ийгиликтүү стратегиясы;
- Партиянын пропагандасында аялдардын үй-бүлөдөгү, коомдогу жана мамлекеттеги ролуна басым жасоо.

Изилдөөлөрдүн тандалма жыйындысы шайлоо алдындагы жарышка тикелей катышкан он эки саясый партияны камтыды. Изилдөөнүн төмөнкүдөй ыкмалары колдонулду: фокус-топтук дискуссиялар, документтерди иликтөө, структуралык интервью.

Фокус-топторго партиянын жетекчи органдарында иштеген депутаттыкка талапкерлер – саясый кеңештин мүчөлөрү жана партиялык ячейкалардын жетекчилери катышты. Он эки партиянын ар биринен ФТД тандап алууга 1-2 өкүл кирди, жалпысынан алганда дискуссияга 12 респондент катышты. Бул изилдөөдө интервью банкын партиянын 30 мүчөсү менен структуралык аңгемелешүү түздү.

Талдоого алынган документтердин арасында саясый партиялардын уставдары жана программалары, шайлоонун жүрүшүндө таркатылуучу БШКнын маалыматтык материалдары, шайлоо алдындагы жарнамалык материалдар жана башкалар болгон.

Фокус-топтордо интервьюлар, жолугушуулар жана талкуулар 2007-жылы декабрда Бишкек шаарында өткөрүлдү.

Изилдөө долбоорун ишке ашырууда бир катар усулдук жана этикалык кыйынчылыктар келип чыкты:

1. Кээ бир партиялар гендердик теңсиздик маселеси жок экендигине таянуу менен долбоорго катышуудан ачык эле баш тартышты.

2. Шайлоо процессинин өтө тез өтөөрүн, партиялык талапкерлерге убакыттын чектелгендигин жана иштеп жаткан саясый партиялар жөнүндө системалаштырылган маалымат базасынын жоктугун эске алуу менен изилдөөчүлөр талапкерлердин курамдык сапаты, партиялардагы гендердик режим жөнүндө чектелүү маалыматтарга ээ болушат.

3. Бир катар респонденттер маалыматтарды ачыкка чыгарууда мүмкүн болуучу бузуку аракеттерден чочулап, изилдөөгө катышуудан баш тартышты.

## 2-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРЫНЫН ГЕНДЕРДИК АСПЕКТТЕРИ

Дүйнөнүн ар кандай өлкөлөрүнүн мыйзамдарында гендердик теңчиликти жана аялдардын саясый лидерлигин көтөрүү чөйрөсүндө аялдардын саясатка катышуусун күчөтүүнүн жок эле дегенде эки тиби бар экендигин көрсөттү. Бир жагынан, бул жыныстык белгиси боюнча кодулоого тыюу салууга жана теңчилик үчүн тоскоолдуктарды жоюуга топтолгон жол-жоболорду иштеп чыгуу, экинчи жагынан – ар кандай чөйрөлөрдө, анын ичинде саясатка катышууга аялдарга белгилүү

артыкчылыктарды жана жеңилдик берүүчү дурус (аффирмативдик) чараларды киргизүү.[4]

Биринчи тиби жаңы демократиялуу өлкөлөрдө кеңири көрсөтүлгөн. Постсоветтик мейкиндиктеги бардык мамлекеттердеги негизги мыйзамдарда калктын социалдык жана демографиялык бардык топтору үчүн саясый турмушка катышууга укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн, эң оболу, шайлоого жана шайланууга болгон укуктардын теңдиги жарыяланган. Ошондой эле, региондун (постсоветтик) өлкөлөрүнүн Конституцияларында ар кандай белгилер, анын ичинде расасы, туткан дини жана жынысы боюнча кодулоого тыюу салынган. Бирдей укуктар жана мүмкүнчүлүктөр саясатынын духунда мындай ченемдик жоболорду киргизүү гендердик теңчилик концепциясына карата мамлекеттердин риторикалык стратегиясы гана бар экендигин айгинелеп турат.

Биздин өлкөнүн негизги мыйзамы - Кыргыз Республикасынын Конституциясы (13-берененин 3-4-пункттары) да либералдык идеологиянын духунда аял-эркектердин теңдештигине кепилдик берет:

*"Кыргыз Республикасында бардык адамдар мыйзам жана сот алдында бирдей. Эч ким теги, **жынысы**, расасы, улуту, тили, туткан дини, саясий жана диний ынанымдары же жеке жана коомдук мүнөздөгү кандайдыр-бир башка жагдайлар боюнча басмырланып, эркиндиги жана укугу кысымга алынбайт.*

*Кыргыз Республикасында **эркектер менен аялдар** бирдей эркиндиктерге жана укуктарга, ошондой эле аларды жүзөгө ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ".*

Ошондой эле, 2003-жылы Кыргыз Республикасында мамлекет менен коомдун ар кандай структуралары менен институттарынын аракети менен "Гендердик теңчиликти камсыз кылуунун мамлекеттик кепилдиктеринин негиздери жөнүндө" Мыйзам кабыл алынган. Анда, мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө гендердик теңчиликти камсыз кылуунун ачык-айкын механизмдери көрсөтүлгөн.

Бул Мыйзамдын 9-статьясында мамлекет "Мамлекет укуктук, уюштуруучулук жана башка механизмдер аркылуу мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарында ар башка жыныстагы адамдардын болушун камсыз кылат" деп айтылган. Теңчилик принцибин жүзөгө ашыруунун механизмдеринин бири катары ушул Мыйзамдын 6-статьясында "гендердик мамилелерде иш жүзүндө тең укукка жетишүүгө багытталган убактылуу атайын чараларды көрүүгө" ыйгарым укуктуу деп таанылган.

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук мыйзамдарынан тышкары ратификациялаган эл аралык бир катар документтерде да өзгөчө башкаруу чөйрөсүндөгү аялдардын саясый лидерлигин күчөтүү жана гендердик теңсиздикти жоюу үчүн аффирмативдик чараларды пайдалануу айтылган. Атап айтканда, "Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенциянын " (CEDAW) 4/1-беренесинде: "Катышуучу-мамлекеттер эркектер менен аялдардын ортосундагы теңдештикти орнотууну тездетүүгө багытталган убактылуу атайын чаралар көрүлгөн, бул ушул Конвенцияда аныкталгандай, басмырлоо болуп саналбайт, бул чаралар теңдеш мүмкүнчүлүктөр жана теңдеш мамиле максаттарына жеткен учурда алып салынууга тийиш".

CEDAW аткаруу боюнча Кыргызстандын отчетун кароодон кийин (жана 1999 - 2002-жылдары) басмырлоо боюнча БУУнун Комитетинин сунушунда гендердик

[4] Кененирээк караңыз: Л.Попкова. Теңчиликтин феминисттик долбоору жана постсоветтик саясый тажрыйба.; Н.Жидкова. Шайлоо системасы, саясый партиялар жана Россия парламентиндеги аялдардын өкүлчүлүгү // Гендердик мамилелерди трансформациялоо: батыштын теориясы жана Россиянын тажрыйбасы. Л.Попкованын, И.Тартаковскаянын редакциясы астында. Самара, 2003

теңчиликти алга жылдырууга кыйла тикелей жана туруктуу чакырыктар айтылган: «Комитет Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө саясый чөйрөдө жана салттан тышкаркы башка жактарда аялдар өкүлчүлүгүн көбөйтүү үчүн чаралардын кеңири комплексин, анын ичинде квоталарды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн кароо сунушну кылган”.

Соңку бир нече жылдын ичинде Өкмөт тарабынан жынысы боюнча басмырлоого тыюу салуу гана эмес, ошондой эле башкаруу чөйрөсүндө аялдарды колдоонун дурус чараларын камсыз кылуучу укук ченемдерин өнүктүрүү боюнча да бир катар аракеттер көрүлдү. Атап айтканда, дал ушул максат менен 2002-жылы Президенттин “Лидер-аялдарды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна тартуу боюнча кадр саясатын андан ары өнүктүрүү жөнүндө” деген белгилүү Жарлыгы пайда болгон, анда чечимдерди кабыл алуу деңгээлиндеги ишкер аялдарды көтөрүүнүн ачык-айкын механизмдери каралган.

Бир жагынан, аял жана башкаруу өз ара айкалышкан түшүнүк экендиги унутула баштаган кырдаалда бул Жарлыктын пайда болушу дурус мүнөзгө ээ болуп, чечимдерди кабыл алуу чөйрөсүнө лидер-аялдардын бүтүндөй тобун тартууга мүмкүнчүлүк берди. Экинчи жагынан, аялдарга бийлик чөйрөсүндө мансап боюнча көтөрүлүүдө “жыныстык жогорку чек” коюлган: жарлыкта алар үчүн жергиликтүү деңгээлдеги бийлик иерархиясында экинчи жана үчүнчү позициялар гана берилген.

Гендердик эксперттер бул жарлыктын маанисине баа берүү менен жер-жерлерде аны аткаруу башкаруучу-аялдардын санынын көбөйбөгөнүн баса белгилешүүдө. Ошондой эле, жалпысынан алганда прогрессивдүү бул жарлыкты аткаруу жол-жобосундагы мүчүлүштүктөр бийликке жаңы типтеги башкаруучу-аялдарды көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген жок, көп учурда башкаруу жана бийлик чөйрөсүндө гендердик теңчиликти колдоо боюнча терс маанайларды гана күчөттү.

Аткаруу бийлигинде аялдар болгондугуна карабастан ар кандай деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдарында аялдардын сандык көрсөткүчү гендердик тең салмаксыздыктын бар экендигин айгинелейт жана чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде, айрыкча аткаруу бийлигинин жогорку эшелонунда аялдарды басмырлоонун индикатору катары чыгууда (таблицаны караңыз).

***Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарында иштеген мамлекеттик кызматчылардын бөлүштүрүлүшү (%)[5], 2005-жылдын1-ноябры***

| Мамлекеттик башкаруу органы | Бардыгы | | Анын ичинде, кызмат орду боюнча | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жогорку | | Башкы | | Улук | |
| | Аялдар | Эркектер | Аялдар | Эркектер | Аялдар | Эркектер | Аялдар | Эркектер |
| Бардыгы | 41,9 | 58,1 | 14,4 | 85,6 | 29,7 | 70,3 | 38,5 | 61,5 |
| КР ЖК | 41,7 | 58,3 | - | 100 | 42 | 58 | 41,5 | 58,5 |
| КР ПА, КР ПМА | 34,6 | 65,4 | 15,2 | 84,8 | 31 | 69 | 50,8 | 49,2 |

[5] КР УЛстаткомдун 2001-2005 ГБС жыйнагы

Бирок, Кыргызстандын жана башка постсоветтик региондун мамлекеттеринин тажрыйбасы өлкөнүн негизги мыйзамдарында басмырлоого каршы принциптери болсо деле, басмырлоону (дискриминацияны) токтотуу жана тең салмакта кармоону камсыз кыла албай тургандыгын көрсөтүүдө.

Эгемендүү Кыргызстандын жаңы тарыхы теңчиликтин декларациялары жана куру сөздөрдүн негизинде калктын бүтүндөй социалдык-демографиялык бир катар тобу шайлануучу бийликке жетүүдөн ажырап калды. Атап айтканда, өлкөнүн аялдарына шайлоо жана шайлануу укугуна кепилдик берип, мамлекеттин гендердик теңчилик саясатын колдоочу саясий система эң аз нерсени, эгемендүү Кыргызстандын төртүнчү чакырылышындагы парламентке бир дагы аялдын (символдуу) катышуусуна мүмкүнчүлүк берилген жок.

Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Аракеттенүүнүн улуттук планы Кыргызстанда гендердик теңчиликти жүзөгө ашырууда эң негизги тоскоолдуктардын бири катары “аялдардын салт болуп калган көз каранды абалын бекемдеген коомдогу социалдык-маданий ченемдердин жана аялдардын ролу жөнүндө гендердик (патриархалдык) стеореотиптердин (көндүмдүктөрдүн)” сакталып калышын тааныган.[6] Гендердик эксперттердин оюу боюнча мындай түшүндүрүүнүн логикасы Кыргызстанда гендердик теңчилик саясатын алга жылдыруу стратегиясынын оозеки, декларациялык мүнөзүнө негизделгендиги менен айгинеленет. Реалдуу механизмдер гана саясатчы жана башкаруучу-аялдардын позициясын күчөтүүгө жана теңдеш мүмкүнчүлүктөрдү алга жылдыруу боюнча аракеттенүү стратегиясын көрсөтүүгө жөндөмдүү.

Ошондуктан 2006-2007-жылдардагы узак мезгил ичинде жарандык коомдун активисттери, өзгөчө активдүү аялдар секторунун өкүлдөрү шайлоо мыйзамдарына аялдарды колдоо боюнча атайын чаралардын киргизилишин кубаттап келишкен.

Республикада 2007-жылы 22-октябрда Кыргыз Республикасынын “Шайлоолор жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин жаңы редакциясы жөнүндө” Мыйзамы кабыл алынган референдум өткөрүлгөндөн кийинки күнү Кыргыз Республикасынын Президенти Жогорку Кеңешти таркатуу жөнүндө жарыя кылды жана мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоолорду 2007-жылдын 16-декабрында өткөрүүнү жарыялады.

Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекске ылайык парламент жалаң гана пропорциялуу система боюнча, башкача айтканда партиялык тизме боюнча гана түзүлүшү керек эле. Талапкерлердин тизмесиндеги сандык чектөөлөрдөн (100 кишиден ашпаган) тышкары, партияларга депутаттыкка талапкерлердин тизмесин түзүүдө алардын жынысы, курагы жана улуту боюнча өкүлчүлүгүн эске алуу айтылган.

Ошентип, жаңы мыйзамдын ченемдери гендердик теңчиликке жетишүүгө карай дурус кадам болуп калды. Атап айтканда, партиялар гендердик квоталарды киргизүүгө милдеттендирилген: “*саясий партия талапкерлердин тизмесин аныктоодо бир жыныстагы адамдар жетимиш пайыздан, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектешүү айырмасы үч позициядан ашпашы керек*”.[7]

Шайлоо жөнүндө Кодекстин кабыл алынган редакциясы “Саясий партиялар жөнүндө” гендердик саясатка кайдыгер Мыйзамга (1999-ж) карабастан Кыргызстандын аялдарына саясий мобилизацияга жана бийлик үчүн күрөшкө жигердүү аралашууга мүмкүнчүлүк берди. Пропорциялуу принцип менен

[6] 2007-2010-жылдарга КР гендердик теңчиликке жетишүү боюнча АУП.

[7] Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин жаңы редакциясы тууралу”, Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, XII гл.

парламенттик шайлоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 90 депутатынын ичинен 23 депутат-аял (25,5 %) болду. Салыштыруу үчүн таблицада мурдагы үч чакырылыштагы депутаттык корпустагы гендердик өкүлчүлүк боюнча маалыматтар берилген:

| **Жылдар** | **Бардык Депутаттардын саны (киши)** | **Алардын ичинен аялдар (абс. саны жана %)** |
|---|---|---|
| 1995-ж. | 105 | 5 депутат же 4,7 % |
| 2000-ж. | 105 | 7 депутат же 6,8 %, |
| 2005-ж. | 75 | 0 депутат жана 0 % |

Депутат-аялдар Жогорку Кеңештин түзүмүндө да негизги позицияга ээ болду. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын орун басары (Ч.Т.Баекова), бирөө - коргоо, коопсуздук, укук тартиби жана сот-укуктук реформа боюнча стратегиялык Комитеттин төрагасы (Л.Ч.Сыдыкова), төртөө - комитеттердин төрагаларынын орун басарлары: жер-агрардык маселелер жана экология боюнча комитет (Р.В.Сидоренко), Билим берүү, илим, маданият жана маалыматтык саясат боюнча комитети (Г.А.Куликова), Жаштар, гендердик саясат, дене тарбия жана спорт боюнча комитет (Ч.Г.Абдуллаева), Этика жана регламент боюнча комитети (Д.А.Молдошева).

Ошентип, өлкөнүн жогорку мыйзам чыгаруу органында гендердик өкүлчүлүктүн - нөлдөн 25,5 пайызга чейинки динамикасы байкалат. Аялдарды Кыргыз Республикасынын парламентиндеги негизги позициялардын курамына киргизүү пропорциялуу шайлоо системасында аялдардын саясый лидерлерин колдоо боюнча атайын чаралар өзүн актагандыгын жана адекваттуулугун айкын далилдеп турат.

## 3-БӨЛҮМ. САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАР ЖАНА ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛООЛОР АЛДЫНДА ПАРТИЯЛАРДАГЫ ГЕНДЕРДИК РЕЖИМ

Өлкөнүн жогорку жетекчилигинин шайлоо системасынын жаңы принциптерине өтүүгө даярдыгы Жогорку Кеңешти мөөнөтүнөн мурда таркатууга чейин эле айкын болуп калган. Көп сандаган коомдук кеңештер, бирикмелер жана форумдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ошондой эле шайлоо жөнүндө Кодекстин жаңы редакциясынын долбоорун маалымдуу жана кызуу талкуулашкан. 2006-жылдын күзүндө жана 2007-жылдын жазында 2005-жылдагы революциянын[8] жетишкендиктерин бийлик кандай тескеп жаткандыгы жөнүндө коомдук талкуулар аянттар менен көчөлөргө чыгып жана протесттик кыймылдын чегинде кеңири тамыр жая баштады. Оппозиция башкаруучу бийликти ачык жана улам көбүрөөк сынга алуу менен символдуу капитал топтой баштаган. Ушул жагдайда кедери кеткен төртүнчү чакырылыштагы бир жыныстуу парламент өзүнүн мөөнөтүнүн акырына чейин иштей албай тургандыгына жана ал жарым-жартылай же толугу менен партиялык тизме боюнча шайлоо принциптерине өтө тургандыгында эч кандай шек калбай калган. Парламент таркатылганга бир нече ай калганда партиялык чөйрөдө айрым кыймылдар башталгандыгы түшүнүктүү. Бирок, 2000-жылы шайлоо мыйзамына жарым-жартылай пропорциялуу системаны киргизүүнүн кыска мөөнөттүү тарыхынын “таалимдерин”

[8] Баса, көрүнүштүн өзүн аныктоо да талаштуу болуп калды. Бир катар булактарда 2005-жылы мартта болгон окуялар кийинчерээк мамлекеттик төңкөрүш, бир элитадан экинчи элитанын бийлик күч менен басып алышы ж.б деп атала баштаган, кененирээк 2006-жыл үчүн адам өнүгүүсү боюнча Улуттук Отчеттон караңыз.

эстен чыгарбай, көп саясый жана коомдук ишмерлер бийликтин партияларды өнүктүрүү ниетинин анык белгилерин акырына чейин күтүшкөн. Качан гана өлкөнүн Президенти “Ак Жол” саясый партиясын түзүү демилгесин өзү көтөрүп чыкканда гана, партиялардын жетекчилери партия мүчөлөрүн көбөйтүүгө шаша-буша аракет кыла башташкан. Парламентке шайлоо алдында бир нече саясый партиялар, анын ичинде бийликтин “Ак Жол” партиясы да катталган. Шайлоо жөнүндөгү Кодекстеги шайлоого катышууну каалаган партиялар үчүн мөөнөт цензи жөнүндөгү жобо жок болгондуктан, шайлоого жаңы түзүлгөн партиялар да кое берилген.

Мындай жагдайда партиялардын көпчүлүгүндө маневр үчүн убакыт жетпей калгандыгы түшүнүктүү. Ал түгүл партиялык түзүлүштө эчактан бери жана ырааттуу иштеп келген саясый партиялар да (алардын катарына “Менин өлкөм”, “Шериктештик” партияларын кошууга болот) соңку учурда радикалдуу чечимдерди кабыл алып жана реформаланып, башка партиялык топторго кире баштаган. Көп, ал түгүл, шайлоого кое берилген саясый партиялардын өкүлдөрүнөн интервью алганда аялдарды тартуу боюнча иштерди, өздөрүнүн муктаждыктары жана суроо-талаптары боюнча аял-шайлоочулар менен иштөө жөнүндө айтпаганда да, өздөрүнүн партия мүчөлөрү жөнүндө ачык-айкын маалыматтарды бере алышкан жок.

Кандай болгон күндө да 2007-жылы декабрда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 104 саясый партия катталган, алардын ичинен 13 партияны аялдар башкарган (таблицаны караңыз).

**Аял башкарган саясый партиялар**

| № | Партиялардын аталыштары | Жетекчисинин Ф.А.Ж. | Катталган датасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Кыргызстандын аялдар жана жаштар демократиялык партиясы –Жаңы күч саясый партиясы (мурдагы аталышы Аялдар демократиялык партиясы ) | Шайлиева Токон | 14.10.94-ж.<br>24.09.04-ж. кайра катталган |
| 2. | Кыргызстан коммунисттер партиясы коомдук бирикмеси | Ажибекова Клара | 13.09.99-ж. |
| 3. | Элмурас республикалык бирдиктүү саясый партия саясый партиясы | Боромбаева Токтокан | 17.08.02-ж. |
| 4. | Ынтымак партиясы саясый партиясы | Кудабаева Шаткүл | 12.12.02-ж. |
| 5. | Эл ынтымагы социал-демократиялык саясый партиясы | Акназарова Роза | 02.06.05-ж. |
| 6. | Эне тил биримдик жана өнүктүрүү саясый партиясы | Муканбетова Гүлзат | 16.06.06-ж. |
| 7. | Кыргызстан аялдары саясый партиясы | Алтыбаева Дилбара | 19.08.05-ж. |
| 8. | Умай эне республикалык саясый партиясы | Шарипова Салима | 18.10.05-ж. |
| 9. | Демократиялык күчтөр союзу саясый партиясы | 1) К.К.Байболов<br>2) Б.Ж.Бешимов<br>3) Лесниченко Валентина | 26.12.05-ж. |
| 10. | Авангард саясый партиясы | Ибраимова Эльмира | 26.12.05-ж. |
| 11. | Мудрость саясый партиясы | Өмүркулова Дамира | 06.02.06-ж. |
| 12. | Тоскоолдуктарсыз жашоо үчүн республикалык демократиялык саясый партиясы | Сысоенко Людмила | 14.04.06-ж. |
| 13. | Кыргыз жери республикалык саясый партиясы | Садыбакасова Шарипа | 14.07.06-ж. |

Тилекке каршы, 2007-жылы декабрда Жогорку Кеңешке шайлоолорго ушул 13 партиянын ичинен бир гана – Жаңы күч аялдар жана жаштар демократиялык партиясы катышты, бирок ал 5 пайыздык бөгөттөн өтө албай, парламентке кирбей калды. Лидерлери аялдар болуп саналган дагы алты партия:

Элмурас , Эл Ынтымагы , Эне Тил , Кыргызстан аялдары, Кыргыз Жери жана Кыргызстан Коммунисттик партиясы (КПССте) – коомчулукка жана БШКга өз талапкерлерин көрсөтүүгө ниетин билдирген, бирок ар кандай себептерден улам документтерин каттоого тапшырган эмес.

Кыргызстан аялдары партиясы бир жыныстагы өкүлү 70 пайыздан ашпоого тийиш деп чектеген Шайлоо жөнүндө Кодекстин 72-беренесинин жобосунан улам шайлоого катышуудан баш тартууга аргасыз болгон: бул партиянын кээ бир мүчөлөрүнүн далилдери боюнча Кыргызстандын аялдар партиясынын катарына кошууга даяр 30 эркек табылган жок. Кыргызстан аялдары партиясынын өкүлдөрүнүн мындай расмий эмес түшүндүрмөлөрү канчалык негиздүү экендигин аныктап отуруу бир катар себептерден улам мүмкүн болгон жок: саясый партиялар жөнүндө ачык жана маалымдуу маалыматтардын жоктугу, көпчүлүк партиялардын өздөрүнүн ЖМКларынын жоктугу[9], партиялардын көпчүлүк өкүлдөрүнүн партиялык түзүлүштүн өнүгүшү жөнүндө маалыматтарды билбегендиги ж.б.

Кээ бир саясый партиялардын жетекчилери партиянын катталган мүчөлөрүнүн саны, партиянын жалпы курамындагы аялдар менен эркектердин үлүшү, партиянын жогорку башкаруу органдарынын гендердик курамы жана башка маалыматтар жөнүндө айта алышкан жок.

Изилдөөнүн жүрүшүндө ЭрК жана Аалам партияларынан тышкары көпчүлүк партиялардын респонденттери өз катарларынын гендердик курамы жөнүндө айтпаганда да, өз мүчөлөрүнүн саны жөнүндө так маалыматтарды билген эмес, ошондуктан партиянын катарындагы аялдардын саны жөнүндөгү маалыматтарды респонденттер “болжолдуу” гана аныкташкан. Таблицада Жаңы күч жана КСДП партиялары жөнүндө маалыматтар жок, анткени ал партиялардын жетекчилери Бишкектен тышкары жерде жүрүшкөн, ал эми башка өкүлдөрү “партия жөнүндө маалымат берүүгө ыйгарым укуктуу” эмес болушкан.

***Саясий партиялардын гендердик курамы***

| Партиянын аталышы | Мүчөлөрүнүн саны | Анын ичинде аялдар | Саясый кеңештеги адамдардын саны | Саясый кеңештеги аялдардын саны | Саясый кеңештеги аялдардын саны, % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Аалам | 22 | 40 % | 12 | 5 | 42 |
| 2. Ак Жол | 10 000 ашык | маалы-мат жок | 35 | маалымат жок | |
| 3. Асаба | 25 000 | 15 % | 12 | 2 | 17 |
| 4. Ата Мекен | 5 000 | 45 % | 40 жакын | маалымат жок | |
| 5. Ар Намыс | 31 000 | 45 % | 13 | 5 | 38 |

[9] Партиялык басма сөз – КРда өтө сейрек кездешүүчү жана туруктуу эмес көрүнүш. “Лица” газетасынын статусун аныктоо кыйын, ал соңку бир нече жылдан бери шайлоо алдындагы өнөктүктөрдө бирдеАр-Намыс партиясынын, бирде Ата-Мекен партиясынын партиялык басма сөзүнүн режиминде иштеп келген. Бардык негизги партияларда өздөрүнүн ЖМК же ангажирленген ЖМКлары болгон, ал эми шайлоого кое берилбеген же бийлик тарабынан шайлоодо утулду деп таанылган кээ бирлери кийин өздөрүнүн ЖМКларын негиздей баштаашты. Буга Замандаш партиясы мисал болот, ал газета, журнал гана эмес, ошондой эле өзүнүн маалымат агенттигин негиздеген.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6. Эл добушу | 900 | 50 % | 7 | 0 | 0 |
| 7. Кыргызстан коммунисттер партиясы | 15 000 | 15 % | 15 | 2 | 13 |
| 8. Туран | 3 000 | 35 % | 9 | 1 | 11 |
| 9. ЭрК | 34 713 | 48 % | 13 | 5 | 38 |
| 10. Эркиндик | 4 000 | 50 % | 22 | 7 | 32 |

Жогоруда келтирилген таблицадан көрүнүп тургандай бардык саясый партиялардын курамында, өзгөчө алардын жетекчилеринин ичинде теңдешсиздик айкын көрүнүп турат.

Кээ бир партияларда гана, мисалы, Эл добушу жана Эркиндик партиясынын мүчөлөрүнүн болжол менен 50 пайызын аялдар түзөт, муну менен бирге Эл добушу партиясынын саясый кеңешинде бир да аял жок, ал эми Туран партиясынын жетекчилигинде 11%, ошондой эле Коммунисттер партиясы менен Асабада 15%, Ааламда 42% , Ар Намыс жана ЭрК партияларында 38 пайызды түзөт.

Партиялардын активдүү өкүлдөрүнүн айткандары боюнча Ар Намыс жана Эркиндик партияларында жер-жерлердеги партиялык иштердин көпчүлүгүн аялдар аткарат. Эркиндик партиясында кыйла ири партиялык бөлүмдөрүн да аялдар башкарат, бирок партиянын жогорку жетекчилигинде аялдар жокко эсе.. Ар Намыс партиясынын саясый кеңешинин мүчөсүнүн (аял) айткандары боюнча саясый кеңештин мүчөлөрүн шайлоодо партиянын жетекчилигинин жана мүчөлөрүнүн ичинен эч кимиси гендердик теңчиликти сактоо жөнүндө маселе көтөргөн эмес, “буга эч кандай зарылчылык болгон эмес”. Коммунисттер өз катарындагы жана партиянын жетекчилигиндеги аялдардын аз болушун СССР ыдырагандан кийин партия оппозициянын катарына кирген жана бийлик тарабынан куугунтукка алынгандыгы менен түшүндүргөн. Партиянын көп мүчөлөрү жарым-жартылай жашыруун иштеген. “Эркек-коммунисттер аялдарды коркунуч алдына койгусу келген эмес жана партиянын жигердүү мүчөлөрү жана алардын лидери болуп калуу менен бардык соккуну өз үнө алышкан”.

### *Партиялык документтердеги гендердик саясат жана гендердик мамилелер*

Партиялык документтерди иликтөө: Партиялардын программалары, шайлоо алдындагы платформалары жана партиялардын Уставдары, ошондой эле сурамжылоолор жана партиянын жетекчилери менен интервьюлар көрсөтүп тургандай, он бир партиянын[10] ичинен бирөө да гендердик теңчиликке жетишүү жагында айкын саясатка ээ эмес жана гендердик мамилеге өз ишинде көңүлгө албайт. Башкача айтканда, бүгүнкү күндө партиялар гендердик – кайдыгерликти же, тагыраак айтканда, гендердик-сокур саясатты жетекчиликке алышат.

Көпчүлүк партиялар азырынча традициялык деңгээлде да гендердик саясатты белгилей элек. Ал эми гендердик теңчилик жөнүндө маселени биз түшүнгөндөй “*аялдар менен эркектердин мыйзам менен бекитилген укуктарына, коомдун экономикалык, саясый жана социалдык ресурстарын эркек менен аялдарга, бир мамлекеттин жарандарына бирдей бөлүштүрүүгө негизделген; өздөрүнүн укуктары менен таламдарын коргоо үчүн кошумча кепилдиктерге муктаж айрым социалдык топтордогу аял менен эркектердин абалындагы структуралык теңдешсиздиктерди*

[10] Изилдөөчүлөр “Жаңы күч” партиясынын документтерин ала алган жок.

*жоюуга багытталган комплекстүү социалдык саясат жана тажрыйба* эч качан коюлган эмес.[11]

Ал түгүл коммунисттердин программасы да аялдарга мурдагы советтик идеологияга мүнөздүү саясатка жана үй-бүлөнү жана энеликти колдоо боюнча пландаштырылган чараларга ээ болбогондугу таң калыштуу. Ал түгүл, коммунисттер партиясынан аял-талапкерлердин бири "гендердик теңсиздик – ойдон чыгарылган нерсе. Жеке мен өзүм ага туш болгом. Мүмкүн кээ бир үй-бүлөлөрдө мындай проблема бардыр, бирок, бүтүндөй өлкөдө гендердик теңсиздик жок" деп айткан.

Бардык партиялардын жетекчилери жана өкүлдөрү, мейли ал эркек же аял болсун, партиянын программасында гендердик саясаттын жана гендердик бөлүштүрүүнүн жоктугун "алардын партиясында гендер маселеси жок экендиги" менен түшүндүрүшкөн. Эркиндик партиясынын саясый кеңешинин мүчөсү алардын партиясында гендердик кодулоо маселеси "актуалдуу эмес" экендигине ынанат, анткени, "партиянын мүчөлөрүнүн жарымы – аялдар, ал эми партиянын ири бөлүмдөрүн да аялдар башкарат". Аалам партиясынын лидери "гендердик теңсиздик – Кыргызстан үчүн анча коркунучтуу маселе эмес. Гендер маселесин көтөргөндөр атайылап эле өлкөдөгү олуттуу маселелерди чечүүдөн алагды кылып жатат" деп эсептейт.

Эл добушу партиясынын гендердик маселеси алардын партиясында жок деп эсептеген лидерлеринин бири "кассир-эркектерди жумушка сүйүнүү менен алар элем, анткени аялдар декреттик өргүүгө кетет, өргүүдөн кийин жарым жыл бою жумушка кирүүгө камданат, ал эми баласы жөнүндө такай ойлонуусу, аларды иштен алагды кылат" деп моюнга алган.

Эркектер гана эмес, ошондой эле лидер-аялдардын көпчүлүгү жана партия мүчөлөрү, эгерде алардын партиясынын катарында аялдар жок дегенде 30 пайызды түзсө жана партиянын жетекчилигинде бир нече аял болсо, анда гендердик теңчиликке толук жетишилди, гендердик маселе чечилди жана гендердик саясатка өзгөчө көңүл буруунун зарылчылыгы жок деген пикирде. Партиянын көп мүчөлөрү башкаруу чөйрөсүндөгү гендердик теңсиздик менен мамлекеттин жана коомдун күндөлүк турмушунун: аялдарга карата зомбулуктун, энелердин өлүмгө көп учурашынын, жумушсуздуктун жана кедейликтин улам феминизацияланышынын ортосундагы байланыштын бар экендигин моюнга албайт.

Иликтенген партиялык документтер шайлоочулардын курамында аялдар көпчүлүк социобиологиялык топту түзө тургандыгын моюнга алгандыгына карабастан, аялдар менен иштөөгө алардын таламдарын билдирүүгө багытталган программалык компоненттер жок. ЭрК жана Ак Жол партияларынын программалык документтеринде гана айрым өзгөчөлүктөр билдирилет, алардын бири "Үй-бүлө жана жаштар" ( ЭрК) атайын программалык компонентти, экинчиси ( Ак Жол ) энелердин ден соолугун коргоо жөнүндө параграфты бөлүп көрсөткөн.

ЭрК партиясынын программасынын "Үй-бүлө жана жаштар" бөлүгүндөгү эки пункту аялдарга карата бардык саясатты чагылдырган:

1. *Россиянын үлгүсү боюнча энелердин капиталын түзүү – турак жай сатып алуу, балдарга билим берүү, пенсиялык фондго энелердин топтоо эсептерин чегерүү, балдарды жана энелерди дарылоо.*
2. *Коомдо Үй-бүлөнүн, Эненин жана Баланын зоболосун көтөрүү, бала төрөгүсү келбеген, бирок аны баккан жана ден соолугун караган жана аны мамлекетке же башка үй-бүлөгө өткөрүп берген аялдарга акчалай компенсация берүү.*

---

[11] М.Рабжаева. Гендердик теңчилик саясатын жүргүзүүнүн социалдык технологиясы. СПб., 2002.

Ак Жол партиясы да өзүнүн сунуштарын жана программасын ушундай эле салттуу негизде баяндаган, ал үчүнчү программалык вектор эненин ден соолугун коргоо боюнча сунуштан турат: күчтүү өлкө - дени сак кыргызстандыктар!

*"Балдардын жана энелердин ден соолугун коргоо – саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү приоритеттүү (артыкчылыктуу) багыт... Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталдын Педиатрия жана балдар хирургиясы жана клиникалык төрөт үйү улуттук борборунун базасында Энеликти коргоонун улуттук борбору түзүлөт... Жаш энелер жөнүндө өзүнчө камкордук көрөбүз!"*.

Кыргыздарга мүнөздүү болгон мамлекеттик гендердик саясаттын "фамилизация" тарапка кыйшайышы жана улуттун генофонду жөнүндө камкордук аялдардын социалдык абалы жалаң гана үй-бүлөлөк талаптар өңүтүнөн каралган мамилеге негизделген, ал эми аялдар болсо жөн гана тукум улоочу ( репродукциялык) баалуулук катары каралган. Аталган партиялар дал ушундай мамилени туура көрүшөт.

Ошол эле учурда Ак Жол партиясында гендердик мамилелер өнүктүрүлгөн, ал аялдардын укуктарын, анын ичинде, аялдар күйөөсү менген ажырашканда жерге жана мүлктү бөлүштүрүү укугуна ээ кылуу үчүн парламентте аялдар фракциясын түзүүнү пландаштырат. 2007-жылы шайлоого катышкан башка 11 партиянын бирөө да аялдар фракциясын түзүү жөнүндө алдына максат койгон жок. Көпчүлүк партия жетекчилери аялдар фракциясынын максаттарын жана милдеттерин али түшүнө элек жана мындай келечектүү суроого так кесе гана: "Эркектер менен жай отуруп же акча аркылуу оңой тил табышууга болот" деп жооп беришкен. Башка жетекчилер партияда "үч орун басарлардын бири жана региондук уюмдардын бир нече лидерлери – аял болгондуктан аялдар фракциясы өзүнөн өзү эле пайда болду " деп эсептешет.


## 4-БӨЛҮМ. 2007-ЖЫЛДЫН 16-ДЕКАБРЫНДА ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ШАЙЛООЛОРДОГУ ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕР-АЯЛДЫН ПОРТРЕТИ

Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоого катышууга өзүнүн ниети жөнүндө билдирген 50 саясый партиянын ичинен БШКга талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн документтерди 22 саясый партия берди. Документтер Шайлоо жөнүндө Кодекстин талаптарына жооп беришин текшергенден кийин, БШК 12 партияны шайлоого катыштыруу жөнүндө чечим кабыл алды. Шайлоого киргизбөөнүн ар кандай себептери болду: айрым партиялар арызын өзү кайра чакыртып алды, бир катар партиялар документтерди айрым эреже бузуулар, анын ичинде беш партия – 72-берене боюнча, атап айтканда, талапкерлердин тизмесинде гендердик квота принцибин бузуу менен берди (ушундай себептер менен БШК төмөнкү партияларды каттоодон баш тартты – Кыргызстандын Жашылдар пратиясын, Таза Коом партиясын, Кыргызстандын Дыйкандар (фермерлер) партиясын, Афганистан согушунун ардагерлеринин жана башка жергиликтүү согуш жаңжалдарынын катышуучуларынын саясый партиясын, Кыргызстандын Коммунисттик партиясын (КПССте), Замандаш партиясын). [12]

БШК каттаган 12 партиядан сунуш кылынган тизмелер боюнча талапкерлердин жалпы санынын (1 184) ичинде көрсөтүлгөн аялдардын саны 453 (38 %), ал эми эркектер – 731 (62 %) түзгөндүгү көрүнүп турат.

[12] "24.kg" маалымат агенттиги, 23/11/2007 ошондой эле БШКнын сайты

**Депутаттыкка талапкерлердин тизмесинде**
**аялдар менен эркектердин катышы (% менен)**




Ак Жол жана Асаба партияларынан аялдар баарынан аз көрсөтүлдү (30 аял). Алар аялдарды ар бир үч позициядан кийин тизмеге киргизген, 89-позициядан кийин гана тизмеге киргизүү эки жана бир позицияга чейин азайтылган. Аялдардын жана жаштардын Жаңы күч демократиялык партиясынан аялдар көп көрсөтүлгөн – 63. Ошондой эле, партиялык тизменин алгачкы бешөөнүн үчөө аялдар болгон. Ак Жол, Аалам жана Асаба партиялары тизменин алгачкы бешөөнө экиден аял; калган партиялар алгачкы бешөөндө бирден аял киргизип, эң аз сан менен чектелген.

Пикир, сурамжылоо көрсөткөндөй, көпчүлүк партиялар теңчилик саясатын киргизүүгө даяр эмес болучу: алардын катарында жетиштүү сандагы лидер-аялдар жок болуп чыкты (ошондой эле жаштардын, этностук азчылыктардын зарыл өкүлчүлүктөрү болгон жок. Ошондуктан көпчүлүк партиялардын жетекчилери бардык зарыл квоталарды максималдуу «айкалыштырууга» аракет кылды: изденүү кыз-келиндерге (айрыкча алар кыргыз улутунда эмес болсо) артыкчылык берди, бул учурда партия өзүнүн демейдеги мүчөлөрү – эркектер үчүн бир нече орунду «утту»). Көпчүлүк респонденттер Жогорку Кеңешти күтүлбөгөн жерден таратуу жана жаңы шайлоонун дайындалган мөөнөтү Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекстин талаптарын аткаруу үчүн көз көрүнөө оорчулуктарды пайда кылды деп ырасташты. Эгерде гендердик квота киргизүү шайлоого катышуу шарты болбогондо, көрсөтүлгөн аял - талапкер алда канча аз болмок, балким, алар талапкерлердин биринчи орунунда таптакыр болмок эмес.

Асаба партиясынын лидерлери «жынысы боюнча квота шартын аткаруу өтө татаал болду, анткени бүгүнкү күндө партияда жетиштүү санда даярдалган жана жигердүү аялдар жок» деп мойнуна алды. 30 пайыздык квотаны толтоого аракеттенип, көпчүлүк партиялар аялдарды сырттан чакыра баштады. Аалам партиясынан талапкер-аял «аялдарды сан үчүн гана кошушкан» деген. Аларды партия мүчөлөрүнүн, тааныштардын, достордун, кесиптештердин сунушу боюнча тандаган. Ушул эле партиянын лидери «партиялык тизмени сабаттуу комплекттөөгө убакыт болгон жок» деп мойнуна алды. Ак-Жол жаңы партия болгондуктан башка партиялардан көпчүлүк аялдарды өзүнө тартты. Алсак, Г. Куликова (Моя страна партиясынын координатору) жана Ш.Садыбакасова (Кыргыз Жери партиясынын жетекчиси) башка партиялардан чакырылган көпчүлүк акжолчу-эркектер сыяктуу эле Ак-Жол партиясына кошулду.

Иш жүзүндө бардык 12 партияда талапкерлердин тизмеси партиянын жогорку жетекчилиги тарабынан түзүлдү жана партиянын съездинде бекитилди. Көпчүлүк учурларда добуш ар бирине берилбей, бүтүндөй тизме үчүн берилди.

Саясый партиялардын жетекчилеринин арасында Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекске квота киргизүүнү тескери кабыл алгандар басымдуу болду. анын үстүнө гендердик квотага асылуу өзгөчө айыгышкан мүнөздө болду. Алсак, коммунисттердин лидери И. Масалиев шайлоо алдындагы ЖМКларга берген ачык интервьюларында мыйзамдын киргизилген ченемин жактырбагандыгын бир нече жолу билдирди. Бул, анын пикири боюнча, саясый партиялардын демократиялык өнүгүшүнө түрткү болгон жок, ошондой эле саясый программалардын жана кадыр-барктын эркин жана чынчыл атаандашуу принцибин бузду.

Биздин иликтөөбүздөгү интервьюда, ошондой эле, ушул жаңы нерселерге же аны менен байланышкан жол-жоболорго терс баа берилди. Алсак, парламенттик жарышка чыккан партиянын жетекчилеринин бири «квота киргизүү Ак жол үчүн шайлоочу-аялдардын добушун алуу максатында Президенттин кезектеги амалы болду. Бүгүн аялдар, эртең болсо сокурлар, гермафродиттер жана башкалар болобу» деди.

Башка партиядан талапкер респондент, «аялдар кезектеги саясый оюндардын курмандыгы болуп калды. Аларды, мисалы, жаратылыш ресурстарына жана кен-байлыктарга жеке менчикти киргизүү сыяктуу олуттуу проблемалардан коомчулуктун көңүлүн алагды кылуу үчүн пайдаланышты» деп эсептейт.

Кандай болгон күндө да, шайлоого катышуучу бардык 12 партия аялдар потенциалын мобилизациялады жана жынысы боюнча мыйзамда жазылган зарыл өкүлчүлүктү жана депутаттардын кезектүүлүгүн бере алды. Респонденттер партиялардан тышкаркы «ылайык » талапкер-аялдар кантип жана ким тарабынан аныкталгандыгын иликтөө жүрүшүндө айтып берди.

### *Талапкер-аялдарды тандоо критерийлери жана партиялык тизмедеги алардын кезектүүлүгү*

Партия лидерлери менен жүргүзүлгөн интервьюнун жана фокус-топтордо аял - талапкер менен талкуунун жыйынтыгынын натыйжасында бир нече негизги критерийлер аныкталды. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмелерине аялдарды тандоо учурунда партиялык жетекчилик тарабынан тигил же бул өлчөмдө эске алынды. Иликтөөнүн респонденттери белгилеген тандоо критерийлеринин арасында төмөнкү мүнөздөмөлөр – депутаттыкка аял-талапкердин сапаттары бар (респонденттердин көз карашы менен алганда, маанисинин азаюу даражасы боюнча):

1. Кесипкөйлүк жана жетекчилик тажрыйбасы;
2. Партиялык стажы жана партияга сиңирген эмгеги;
3. Белгилүү инсандар жана айрым региондогу белгилүү инсан;
4. Калкты чогултуу (мобилизациялоо) жана алда канча көп добуш чогултуу жөндөмү;
5. Улуттук азчылык өкүлдөрү,
6. Каржы (финансы) ресурстарынын болушу.


- *Кесипкөйлүк жана жетекчилик тажрыйбасы*

Аял - талапкерди тандоодо жана тизмедеги кезектүүлүгүн аныктоодо алардын кесипкөйлүгү жана мамлекеттик, жеке же жарандык сектордогу жетекчилик тажрыйбасы негизги критерий деп аталды. Кесипкөйлүк жана жетектчилик тажрыйба,

эң ириде, “жаш” партиялардын мүчөлөрүнүн жана талапкерлеринин арасында негизги критерий катары көрсөтүлдү. Булар, биринчи кезекте, 2007-жылы шайлоо алдында түзүлгөн Ак Жол жана Аалам, ошондой эле, бир аз мурда түзүлүп, бирок партиялык түзүлүшү боюнча агнча байкалбаган Туран (2004-жыл) жана Эл добушу (2002-жыл) сыяктуу партиялар.


Респонденттердин айтымында, көпчүлүк партиялар тизмедеги алгачкы он сапка жетекчилик тажрыйбасы бар аялдарды тандоого аракет кылган. Партиялардан талапкерлер тизмесиндеги аялдардын жалпы саныын эң көбү Ак Жол партиясынан экендиги байкалды. Ал тизмеде жетекчи-аялдар - 80%, алардын 57% – мамлекеттик структуралардын жетекчилери.

**Жетекчилик тажрыйбасы бар аялдардын саны (тизмедеги аялдардын жалпы санынын %ы)**




Талапкерлердин жалпы тизмесин бул белгилер боюнча иликтөө, Ак Жол партиясы башкаларга салыштырганда жетекчилик тажрыйбасы бар эркектердин саны боюнча да алдыда экендигин көрсөттү (талапкерлердин жалпы санынын 46%).

**Жетекчилик тажрыйбасы бар аялдар менен эркектердин катышы (талапкерлердин жалпы санынын %и)**




Бирок, бул белгилер боюнча бүткүл тизмесинин салыштырма маалыматтар Коммунисттер партиясы, КСДП, Эркиндик сыяктуу “стажы чоң” партияларда бардык талапкерлердин дээрлик жарымынын жетекчилик тажрыйбасы бар экенин көрсөтүп турат. Жетекчилик тажрыйба критерийи партиядагылар үчүн өтө маанилүү болду, анткени, эң оболу, талапкердин «социалдык байланыш капиталынын» болушун жана айрым аймакта добуш берүү процесстерине таасир этүү кудуретин билдирди. Себеби, шайлоонун жүрүшүндө администрациялык ресурс колдонулаарына эч ким шектенген эмес. Партиялар администрациялык ресурсту пайдалануунун кандайдыр-бир өбөлгөлөрүнө ээ болуу үчүн көбүнчө бийликке мүмкүн болушунча жакын мүчөлөрдү – депутаттыкка талапкерликке тартууга умтулган. Оппозициялык саясый партиялар гана мындай мүчөлөргө жана талапкерлерге үмүттөнө алган жок, анткени мындай талапкерлер тобокелдик (риск) кылбай, мындай кадамга барган жок, ал эми мурда жетекчи жана башкаруу органдарынан чыгып калгандар өздөрүнүн социалдык байланыштарынан үмүт кылган жок. Ата Мекен жана Ар Намыс партиялары «жетекчилик тажрыйбасынын болушу» деген критерий боюнча алда канча төмөн көрсөткүчтөрү менен бекеринен айырмаланган жок. Бул партиялардын респонденттери бул фактыны алардын партиялары оппозициялык болуп жана көп учурда куугунтукка дуушар болуп тургандыгы менен түшүндүрүштү.

- *Партиялык стаж жана партияга сиңирген эмгек*

Коммунисттер партиясы, Ар Намыс, Эркиндик жана КСДП сыяктуу «эски» партиялар үчүн аялдарды тандоодо негизги критерий партиялык стаж жана партияга сиңирген эмгек болду. Алар, эң ириде, жогорку партиялык жетекчиликти жана региондук партиялык ячейкалардын жетекчилерин, андан соң партиялык стажы бар активисттерди көрсөттү. Мисалы, Эркиндик"партиясынын лидери Топчубек Тургуналиев талапкерлерди тыштан чакыруудан таптакыр баш тартты –

партиядагылар өз талапкерлерин партия мүчөлөрүнүн катарынан гана тандаган имиш. Ошол эле учурда, «тарыхы бар» КСДП сыяктуу партия да өз талапкерлеринин катарына – аялдарды, жаштарды, улуттук азчылыктардын өкүлдөрүн гана эмес, ошондой эле кыргыз улутундагы эркектерди чакырууга аргасыз болгон. Бул партиянын партиялык тизмесинен көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот (мисалы, Б. Бешимов же Р. Отунбаева, алар башка партиядан келип, курамга дал шайлоонун алдында кирген, же Э.Байсалов, ал да шайлоо башталаарына бир аз калганда партиянын жооптуу катчысынын кызматына кирүү жөнүндө партиянын сунушун кабыл алган). Ар-Намыс партиячыларынын арасында да тизмеге «сырттан» адамдар киргизилген, ошол эле учурда бир катар партиянын эски кызматкерлери жана Ф.Куловдун шакирттери талапкерлердин тизмесинен чыгып калган.

- *Белгилүү инсандар жана айрым региондогу белгилүү инсан*

Кыргызстан жарандарынын саясый маданияты аларга партиялардын платформаларынын жана программаларынын жоболорунда оңой жана эркин багыт алууга мүмкүндүк бербегендиктен, партиялык тизмелер боюнча шайлоо көбүнесе мурдагыдай эле айрым талапкер-лидерлердин кадыр-баркына негизделди. Шайлоо процессинде «адамдар добуш берүү учурунда тигил же бул партияны тандап, өзүнүн идеологиялык багытын билдиргенге караганда, кыйла өлчөмдө лидердин кадыр-баркына мамилесин билдирет»[13]. Ошондуктан талапкерлердин тизмесин түзүп жатып, партиялар элге белгилүү болгон, борбордо, ошондой эле региондордо алда канча көп сандагы добуштарды алып келүүгө кудуреттүү адамдарга басым жасады. Талапкерлердин улуттук масштабдагы белгилүүлүгү өзгөчө маанилүү болду, анткени кабыл алынган Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекске ылайык, партияга республика боюнча шайлоочулардын тизмелерине киргизилген шайлоочулардын добуштарынын 5 пайызын топтоо, ошондой эле, ар бир область боюнча тизмелерге киргизилген добуштардын 0,5 пайыздык «региондук босогосунан» өтүү талап кылынды.

12 партиянын ар биринен тизмелердин алгачкы отузуна көрсөтүлгөн аялдар негизинен улуттук масштабдагы белгилүү инсандар: мамлекеттик органдардын жетекчилери, мурдагы чакырылыштагы Жогорку Кеңештердин депутаттары, партиялардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын лидерлери, корпорациялык жетекчилер болду.

Алсак, Ак Жолдун тизмесин Конституциялык соттун алмашылбаган Төрайымы Чолпон Баекова баштады. Мурдагы юстиция министри, азыркы учурдагы жеке ишкер Нэля Бейшеналиева Туран партиясынын тизмесинде төртүнчү позицияны ээледи. Мурдагы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаты жана экс-министр Алевтина Проненко Асаба партиясынын тизмесинде төртүнчү позицияда болду, Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты жана мурдагы область губернатору Токон Шайлиева өзүнүн Жаңы күч партиясынын тизмесин баштады, КРСУнун деканы жана белгилүү эксперт-юрист Лейла Сыдыкова Ак Жол партиясынын тизмесинде 13-позицияда турду. Ак Жолдо бешинчи позицияда региондук түзүмдөрү бар жана айылдык жамааттарга инвестициялык гранттарды берген АРИСтин (Дүйнөлүк Банктын долбоору) директору Э.Ибраимова көрсөтүлдү, ошондон улам ал бүткүл өлкө боюнча айылдык региондордо белгилүү инсан.

Жакында эле Асаба партиясынын лидерлеринин бири болуп жүргөн Роза Отунбаева республиканын мурдагы премьер-министри А.Атамбаевдин Социал-

---

[13] «Кыргызстандагы саясый партиялар» В Богатырев., М Иманалиев., С.Масаулов, В. Хамисов, К.Бекболотов

демократиялык партиясында 12-позицияда болуп чыкты. Ушул эле партияда 23-позицияда белгилүү адвокат Галина Скрипкина турган.

Региондук деңгээлдеги белгилүү аялдардын арасында "Инсан Лейлек" НПОсунун лидери Гүльнара Дербишеваны жана "Талас" СПК координатору Чолпон Абдуллаеваны атоого болот. Эки талапкер тең – Ак Жолдон талапкерлер.

Ата-Мекен оппозициялык партия болуу менен, тиешелүү түрдө өз тизмесине оппозициялык маанайдагы коомдук лидерлерди топтоду. 8- позицияны "Интербилим" НПОсунун жетекчиси Асия Сасыкбаева, 18-позицияда белгилүү «Лица» газетасынын башкы редактору Бермет Букашева болду. 24-позицияда – аялдар үчүн квота киргизүүнү колдогон «Социалдык технологиялар агенттиги» МЭУнун лидери жана гендер боюнча эксперт Мира Карыбаева турду.Ушул эле оппозициялык партиянын 20-позициясында Кыргыз айыл чарба финансылык корпорациясынын директору кызматынан бошотулган Бактыгүл Жеенбаева, 29-позицияда Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Рахат Ачылова, 46-позицияда – Жогорку Кеңешке шайлоого аз калганда, Бишкек шаардык Кеңешинин төрайымынын кызматынан бошотулган Нуржамал Байболова болду.

ЭрК партиясы үчүн региондук белги партиялык тизмедеги талапкерлердин кезегин аныктоо үчүн маанилүү болду. Мүчөлөрүнүн көпчүлүгү Бишкекте жана Чүй облусунун райондорунда жашаган Аалам, Туран, КСДП, Ар Намыс, Эл добушу сыяктуу партиялар үчүн региондогу белгилүү инсандар тизмени түзүүдө маанилүү роль ойноду. Бүткүл республика боюнча күчтүү региондук ячейкалары бар Эркиндик, Коммунисттер партиясы жана Асаба сыяктуу партияларда, алардын мүчөлөрүнүн айтымына караганда, региондордон аял - талапкерлерди тандоо жагынан маселелер болгон эмес.

- *Калкты чогултуу (мобилизациялоо) жана алда канча көп добуш чогултуу жөндөмү*

Инсандын белгилүүлүгү менен катар, региондор боюнча аял-талапкерлердин максималдуу сандагы добуш чогултуу кудуретине маанилүү роль берилди. Ак Жол партиясында 17- жана 21-позицияларда тиешелүү түрдө партиялардын шайлоого өз алдынча катышуудан баш тарткан өкүлдөрү турду. Алар Г.Куликова (Моя страна партиясынын координатору) жана Ш.Садыбакасова (Кыргыз Жери партиясынын жетекчиси). Алар, кыязы, өз партияларынын мүчөлөрүнүн, өз түзүмдөрүнүн, мисалы, Садыбакасова узак убакыт башчылык кылган жана республика боюнча региондук филиалдары бар ири «Кыргызстан» АКБнын кызматкерлеринин добуштарын алып келди. Респонденттердин айтымы боюнча, көпчүлүк партиялар бир мандаттуу округдар боюнча мурдагы шайлоолордун тажрыйбасы боюнча урук-туугандык байланыштарды тартууга аракет кылган, аларга партиялардан талапкерлер кошулган. Бул, айрыкча талапкерлердин өлкөнүн региондору боюнча шайлоо алдындагы сапарларынын мүнөзүнөн байкалды. Бирок бул мааниде алганда аялдар эркектерге караганда таасири азыраак инсан болуп саналат. Ошондуктан партиянын аялдар потенциалы үгүт ишин жүргүзүүдө алда канча натыйжалуу пайдаланылды.

Мисалы, Ар Намыс жана Эркиндик партияларынын өкүлдөрү өз партияларында калкты мобилизациялоо жана электорат менен ийгиликтүү иштөө көрсөткүчү аялдарда жогору экендигин белгилеген. Шайлоо боюнча алардын мониторинги шайлоо алдындагы үгүттү аял - талапкерлер жүргүзгөн участоктордо добуш берүү активдүү өткөндүгүн көрсөттү.

- *Улуттук азчылыктар өкүлдөрү*

Шайлоо жөнүндө жаңы Кодекстин 72-беренесине ылайык, партиялык тизмелерде «ар кандай улуттардын өкүлдөрү он беш пайыздан кем эмес» жана «35 жаштан ашпаган адамдар он беш пайыздан кем эмес» сунуш кылуу зарыл болучу. Көпчүлүк партиялар «бир ок менен дароо үч коенду атууга» аракет кылды: улуттук азчылык өкүлү, өз районунда көп добуш топтоого кудуреттүү жаш аял -талапкерлер тандалды, мисалы, Жалал-Абаддан өзбек Султанходжаева Танабар Аалам партиясынын тизмесинде төртүнчү, осетин Цомартова Афинат жаштардын өкүлү, Ата Мекенден, Летова Ирина – орус, Ак Жолдун тизмесинде 65 – позицияда ж.б.

- *Каржы (Финансы) ресурстардын болушу*

Талапкерлер тизмелерин түзүү мөөнөтүнүн аздыгы жана жынысы, курагы жана улуту боюнча квоталардын катаалдыгы, жалпы партиялык көрсөтмөнү шарттады – эркектер партиялык кампаниянын өзөктүү «демөөрчүлөрү» деп табылды. Ал эми аялдар «мүмкүнчүлүккө жараша» төлөөгө же кампанияга башка эквиваленттер: үгүтчү , байкоочу , партия үчүн ишенимдүү адамдардын саны, тамак-аш уюштуруу, маалыматты партия штабына өз учурунда жеткирүүгө жооп берүүчү, шайлоо күнүндөгү волонтерлор ж.б. түрүндө салым кошууга тийиш болду.

Башкача айтканда, өткөн шайлоодо финансылык капиталдын болушу аялдарды көрсөтүүдөгү өзөктүү фактор болгон жок. Деген менен, көп учурда финансылык инвестициялар талапкерлердин тизмесиндеги эркектердин ордун аныктады.

ЭрК партиясында аялдар финансылык взносту төлөөдөн бошотулду. Айрым партияларда алгачкы ондун ичиндеги аялдар гана эркектер менен катар өзүнүн финансылык салымын кошууга милдеттүү болду (Эркиндик жана Эл добушу). Аалам партиясында – алгачкы бешөө гана, ал эми Туран партиясында алгачкы ону финансылык взносту төлөдү. Бардык он эки партияда взностун өлчөмү бир нече миң сомдон тартып 500 миң сомго чейин өзгөрүп турду. Аалам партиясынын лидерлеринин бири айткандай: «Аялдар – бул жакшы, бирок алар да акча төлөөгө тийиш, антпесе партия шайлоого катышууга каражатты кайдан алат».

- *Талапкерлердин статустук профили:БШКнын маалыматтары*

Өзүнүн партиялык тизмесине алда канча активдүү жана белгилүү аялды тартуу стратегиясын колдонуп, саясый лидерлер аял - талапкердин айрым стратификациялык (статустук) профилин калыптандырды. Ар кандай партиялар үчүн ушундай профилдик мүнөздөмөлөрдөн ар түрдүү спектр калыптанды. Парламенттин депутаттыгына аял - талапкердин ушундай профили анын мамлекеттик структуралардагы, жарандык коом институттарындагы же коммерциялык уюмдардагы социалдык статусу - интеграцияланышы өзгөчө кызыктуу көрүнөт.

- *Аял - талапкерлердин мамлекеттик, жеке же жарандык секторго таандыктыгы*


Бул белги боюнча тизмени иликтөө өлкөнүн Президенти колдогон бийликтин Ак Жол партиясында аял - талапкерлердин 70% мамлекеттик органдарда жана бюджеттик мекемелерде иштей тургандыгын айкындады. Бул партиядагы 30 аялдын ичинен экөө гана өкмөттүк эмес уюмдардын жетекчилери болуп саналат. Партиянын координаторлорунун бири муну «МЭУ демейде бийликтин ишиндеги терс нерселерди

издейт, Кыргызстандын бүткүл дүйнөгө жаманатты кылууга аракеттенет. Ал эми иш үчүн бир пикирдештерди тандоо маанилүү. Аламүдүн районунда бийликти колдогон МЭУлар бар, бирок алар депутат болуу ниетин билдирген жок» деп түшүндүрдү.

Жеке структуралардан баарынан көп аялдар Партиясыздардын «Аалам» партиясында – 63%, андан соң Ата Мекенде – 59% жана Асабада – 50%. Аалам партиясынын лидери муну өз партиясы партиясыздардын партиясы болуп саналуу менен, эч ким тарабынан жана эч кайда «чакырылбаган», бийликке көз карандысыз жана башка партияларда турбаган адамдарга таяна тургандыгы менен түшүндүрөт.

Бийлик партиясынан айырмаланып, оппозициялык Ата-Мекен партиясы тескерисинче жарандык сектордогу аялдарды тандаган, анын тизмесинде аял-талапкерлер – өлкөнүн алдыңкы МЭУларынын өкүлдөрүнүн 12,5%. Ааламда жана Жаңы күчтө аял - талапкерлердин ичинде жарандык сектордун бир да өкүлү жок.

**Жарандык сектордогу аялдардын үлүшү**





- *Пенсионерлер, үй кызматчылары жана убактылуу иштебегендер*

Баарынан көп пенсионерлер Жаңы күч партиясынын тизмесинде болду – 19%, ошондой эле, Ар Намыста – 12%. Жогоруда белгиленгендей, бул партиялар депутаттыкка талапкер катарында кыйла даражада өздөрүнүн жетиштүү партиялык стажы бар жана партияга өзүнүн берилгендигин далилдеген активисттерди көрсөтүштү. Ошондой эле, жер-жерлердеги кадыр-барктуу аялдарды, эң оболу, пенсионерлерди көп тартты. Кыязы, бул мааниде улгайган аялдардын символикалык капитал жана ар түрдүү социалдык байланыштарга аралашуусу партиялардын алга илгерилешине көмөктөшүүгө тийиш болучу. Бийликке оппозициядагы партиялардын тизмесинде пенсия курагындагы же убактылуу иштебеген аялдардын кыйла сандагы категориясын аныктаган башка бир маанилүү фактор бийликке жакшы интеграцияланган же ийгиликке жетишкен аялдар өзүн тобокелдикке дуушарлантуудан, бул партиялар үчүн ийгиликсиз аяктаган шайлоонун натыйжасында куугунтуктоодон коркуп, бул партиялардын курамына кирүүнү каалай баргандыгы болду. Мындай тобокелдиктер реалдуу өкүм сүргөн жана бүгүнкү күндө өкүм сүрүп жатат. Атап айтканда, Жогорку Кеңешке шайлоодон кийин дароо эле Ар Намыстын тизмесинде тогузунчу позицияда турган И.В.Хорошева жумушсуз калды, аны Шубин атындагы музыкалык мектептин директорунун орун басарынын кызматынан бошотуп салышты. Ар Намыстын өкүлдөрүнүн бири белгилегендей, партиянын мамлекеттик же жеке сектордо иштеген мүчөлөрү демейде «көзгө илинбөөгө» аракет кылат, бирок Жогорку Кеңешке шайлоого талапкерлердин

партиялык тизмесин жарыя кылуу партиянын көпчүлүк мүчөлөрүн бийликтин куугунтуктоо тобокелдигине (рискине) дуушарлантты.

***Аял - талапкерлердин тизмесинде пенсионерлердин пайыздык саны***





Ошол себептен улам бир катар партиялар депутаттыкка талапкерликке аялдарды «каршылык топторунан», ошондой эле, азыркы бийликке бийликке «таарынган» адамдардын арасынан издөөгө аргасыз болду. Убактылуу иштебеген көп аялдар Эркиндик партиясына – 29%, андан соң 28% - Туран партиясына жана 26% – Коммунисттер партиясына, Ата Мекендин тизмесине катталды. Убактылуу иштебегендиердин ичинен көпчүлүгү, анын ичинде Нуржамал Байболова жана Бактыгүл Жеенбаева сыяктуу белгилүү инсандар, өздөрүнүн оппозициялык көз карашынын айынан жумушсуз калды, тагыраак айтканда, революциядан кийинки бийлик менен кызматташуу процессинде ага аралаша албагандыктан, «акаевдик команданын» өкүлдөрү катары сүрүп чыгарылды. Ар Намыста убактылуу иштебеген аялдар 5% түздү, аларды бийлик мамлекеттик структуралардан бошотуп салды же алардын оппозициялык партиянын мүчөлөрү болгондуктан жеке бизнесин алып койду.

Алда канча көп сандагы үй кызматчылары ЭрК партиясында – 19%, ошондой эле, убактылуу иштебегендер – 19%. Партиянын өкүлдөрү өз адистиги боюнча эмес жеке сектордо иштеген (мисалы, коммерцияда же тейлөө чөйрөсүндө иштеген) аялдарды ушундайча каттаганбыз деп түшүндүрөт.

Туран жана Эл добушу партияларында 28 жана 11%дан көп убактылуу иштебеген аял - талапкерлер мурда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жардамчылары же консультанттары болуп эмгектенген жана 2007-жылдын октябрында Жогорку Кеңешти мөөнөтүнөн мурда таратуунун натыйжасында ишсиз калгандар.

Аалам партиясыздар партиясынын аял - талапкерлердин тизмесине көп убактылуу иштебегендерди (11%) тартуу менен (партиядагылар) аялдардын көп добушун алууну көздөгөн партия лидери: «ушундай эле карапайым аялдар карапайым талапкерлер жөнүндө окуп, алар үчүн добушун беришин» каалагандыгы менен түшүндүрдү.




- *Мектеп мугалимдери жана ЖОЖ дун окутуучулары*

Патиялык тизмелердеги аял-талапкерлердин 10%га жакыны – мектеп мугалимдери жана ЖОЖдордун окутуучулары. Бул мектептер жана ЖОЖдор бардык деңгээлдердеги шайлоолордо эрки менен же эрксиз түрдө дайыма мобилизациялануучу звено болуп келгендиги менен түшүндүрүлөт. Жаңы күч – талапкерлеринин тизмесинде бир да мугалим болбогон бирден бир партия. Бирок, партиянын өкүлдөрүнүн айтымына караганда, эгерде ишинен айрылып калуу же бийлик тарабынан куугунтуктоо коркунучу болбогондо, билим берүү кызматкерлеринин үлүшү жогору болушу мүмкүн эле. Алсак, Эл добушу партиясынын өкүлү белгилегендей, мектептин директору болуп иштеген аялдар талапкер болуп көрсөтүлгүсү келсе да, бийлик тарабынан мүмкүн болгон кысым көрсөтүүдөн корккон. Анын үстүнө мектептердин бүткүл директораты салт боюнча бийлик тарабынан участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана башчылары катары ишке тартылган.

Ошентип, шайлоо процессине катышкан партиялардын ар бири депутаттыкка талапкерлердин тизмелерин түзүүнүн так иштелип чыккан негиздерине ээ болбой, ошого карабастан иш жүзүндө айрым статустук профилди эске алуу менен өздөрүнүн таял алапкерлерин тандоонун атайын принцибин түзгөн жана пайдаланган. Бул принциптер тиешелүү саясый партиялардын негизги символикалык жана социалдык капиталын чагылдырды.

## 5-БӨЛҮМ. 2007-ЖЫЛДАГЫ ШАЙЛООЛОРДО САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАРДЫН ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮНҮН ГЕНДЕРДИК АСПЕКТТЕРИ

Кыргызстанда саясый аренадагы аялдар дале болсо кыйла жупуну орунда. Саясатчы же коомдук ишмер аялдын имиджи массалык аң-сезим тарабынан субъективдүү толук эмес, кемчилик катары кабылданат. Демейде, алар жөнүндө төмөнкүдөй кеп-сөз айтылаарын тартынбай эле эсек салсак болот: «аялды саясаттан көрсөң, ага ошого жетүүгө жардам берген жанындагы эркекти издей бер».

Бул көбүнчө, саясатчы аялдардын адекваттуу образын көтөрүүчү маалыматтык саясаттын жоктугу, айрым саясатчы-аялдар, эреже катары, шайлоо өнөктүгү учурунда өз алдынча маалымат кампаниясын төмөн деңгээлде өткөрүшүнүн айынан болот. Кыргыз Республикасында тигил же бул үгүт-жарнамалык кампанияларды электораттын кабылдашын, шайлоо алдындагы үгүт жана жарнама добуш берүү жыйынтыктарына таасирин жана башкаларды атайын изилдөө жокко эсе.

Республикада, бул, мисалы, Россиянын Мамлекеттик Думасынын тарыхында болгондой (Женщины России) же «эски» көп партиялуу демократиялык өлкөлөрдөгүдөй аял -талапкерлерди көтөрүү боюнча үгүт кампаниясын жетиштүү деңгээлде уюштуруу практикасы да жок.

Соңку парламенттик шайлоо депутаттыкка талапкерлер үчүн «сынак кадам» болуп калды, анткени пропорциялуу шайлоо принциби басымды жеке адамдарды көтөрмөлөөдөн саясий идеяларды жана программаларды колдоого чакырылган. Ошол эле учурда конкреттүү талапкерлердин – аялдардын, эркектердин, жаштардын татыктуу сапаттарын көрсөтүү талап кылынат...

Ошол эле учурда, көпчүлүк саясый партиялардын маалыматтык стратегиялары үгүт кампаниясынын эски калыбын пайдаланып, жарнамалык алга жылуу принцибинин өзү менен эмес, кишинин саны менен гана айырмаланды.

Үгүт кампаниясынын медиапродуктуларынын ичинде акысыз телекөрсөтүү жарнамасы, теледебаттарга катышуу, газеталарга жарыя түрүндө мамлекет тарабынан кепилдик кылынган пакет, ошондой эле, шайлоо алдындагы фонддордун өз каражаттарына чыгарылган продукциялар болду. Мурдагы жылдардагыдай эле мамлекет тарабынан кепилдик кылынган улуттук деңгээлдеги ЖМКларга минималдуу жеткиликтүүлүк да демократиялык принциптерди бузуу менен, бирдей эмес бөлүштүрүлдү. Бирок бүтүндөй алганда өнөктүктүн маалыматтык жыштыгы партиялар тарабына өз алдынча түзүлдү. Мында да бийликтин партиясынын пайдасына бурулган бийликтиктин административдик ресурстан тышкары, үгүт кампаниясын уюштурууда кесипкөй ыкманын кемчилиги да оппозициялык партияларга каршы иштеди.

Бүтүндөй алганда шайлоо алдындагы практикада иш жүзүндө бардык партиялар аксакалдардын кадыр-баркы жөнүндө, аялдарга караганда эркектердин артыкчылыгы жөнүндө, сүйүүнүн жана шайкештиктин чөйрөсү катары үй-бүлө жөнүндө бардык жомокторду козгоп, кыргыз коомунун салттуулугу тууралу өз түшүнүктөрүн пайдаланды же пайдаланууга аракет кылды...

Партиялар, мисалы, элдердин достугу идеясы, бардык жарандар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр, адам укуктарынын өлкөсү жана башкалар сыяктуу жаңы мезгилдин мифтерин да, мифологемаларын да пайдаланды.

Көпчүлүк партиялар үчүн жарнамалык-басылма продукциясынын бардык типтеринде, тышкы жарнамаларда жана кала берсе телекөрсөтүү роликтеринде салттуу түрдө алдыңкы беш талапкерди жамааттык фото түрүндө сунуштоо болду. Анда, Шайлоо жөнүндө Кодекстеги гендердик квоталардын аркасында бери болгондо бир аял катышат. Айрым партиялар алгачкы бешөөнүн ичиндеги айрым талапкерлердин буклеттерин жана постерлерин чыгарды. Статикалык фотосүрөттөр талапкерлердин кийими менен гана айырмаланды жана негизинен бир типтүү болду. Айрым «идеологиялык» маани жана ар түрдүүлүк Туран жана Аалам партияларынын фотосүрөттөрү көрсөтүп турду. Биринчиси улуттук идеяга басым жасады жана кыргыз кол өнөрчүлүк буюмдарынын (мисалы, шырдактардын) фонунда кыргыз улуттук кийимин кийген ар кандай улуттагы өз талапкерлерин сунуш кылды, ал эми экинчиси партиядагылардын калдайган баштарын чагылдырды, алар, кыязы, партиянын массалуулугун жана талапкерлердин «элден чыккандыгын» билдирүүгө аракет болучу.

«Кыргызчылыкка», этностук картага басым жасоо кыйла күчтүү болду жана сөз айкаштарында, ошондой эле, визуалдык образдар менен чагылдырылды. «Улуттук идеянын» акценттери гана бир нече өзгөрүп турду. Алсак, Ак Жол «Кыргызстан – жалпы үйүбүз» деген багытта жана элдердин достугунун духунда мультимаданий өнүгүүнүн эски версиясына басым жасады. Мисалы, бул идеяларды депутаттыкка

талапкер Галина Куликова чагылдырды, ал фотодо кыргыз улутундагы баланы колуна кармап тартылган.

Ар Намыс саясый партиясы өзүнүн лидерине – бардык региондордо жакшы белгилүү болгон саясатчы Феликс Куловго басым жасаган, анын фотосүрөттөрү партиянын үгүт өнөктүгүнүн медиапродуктуларынын бардык түрлөрүндө сунуш кылынган. Башка партиялык жарнамалык продуктулардагыдай эле лидердин фотосүрөттөрү программанын сөз айкаштары түрүндөгү үзүндүлөрү менен коштолгон. Ушундай эле стратегияга башка – Жаңы күч партиясы да ыктаган, ал өз лидери Токон Шайлиеванын фото образдарын жайнаткан.

Акы төлөнүүчү телекөрсөтүү эфирине иш жүзүндө киргизилбеген оппозициялык Ата-Мекен[14] партиясы баракчаларга, тышкы жарнамага жана газеталарга басым жасаган. Ата-Мекендин үгүт материалдары салыштырмалуу көп түрдүүлүгү, маалыматтык мазмуну жана массалык нускасы менен айырмаланган. Бишкектин борбордук көчөлөрүнөн алгачкы беш талапкердин сүрөтү бар билборддорду көрүүгө болор эле, алардын арасында Татьяна Пономарева бар болучу. Башка билборд Ата-Мекендеги алда канча белгилүү болгон төрт талапкер-аялды: Нуржамал Байболованы, Бермет Букашеваны, Гүлнара Искакованы жана Чолпон Жакупованы чагылдырды. Мындан тышкары, Ата-Мекен партиясынын шайлоо алдындагы платформасы жана партиянын алда канча белгилүү талапкерлери, анын ичинде жогоруда аталган беш аял жөнүндө, ошондой эле А.Сасыкбаева, Р.Ачылова жана М.Эмилбаева жөнүндө партиянын лидери Ө.Текебаевдин макаласы бар 20 беттик китепчени таратты. Партия ошондой эле партия жана талапкерлер жөнүндө макалалары, анын ичинде Асия Сасыкбаева менен интервьюсу бар "Лица" жана "Алиби" газеталарын акысыз таратты.

Ак Жол үгүт материалы катарында негизинен бүткүл Бишкек боюнча илинген билборддорду пайдаланды, алар талапкерлерге караганда, «жаркын келечек» партиясы үчүн добуш берүүгө чакырган балдар менен жаштарды чагылдырды. Ошондой эле, партия телекөрсөтүү роликтерин жигердүү пайдаланды, демейде алардын борборунда мамлекеттин жаркын келечегине ишенген партиянын лидери – өлкөнүн Президенти катышты.

Ак Жол, Ар Намыс, Ата Мекен, Туран жана КСДП партиялары технологиялык мааниде «алга илгерилегендерден» болуп чыкты, алар үгүт өнөктүгүндө мурда колдонулбаган маалымат каналдарын жана Интернеттин сайттарын пайдалана баштады. Ата-Мекендин сайты алда канча динамикалуу, мазмундуу, дизайны боюнча кызыктуу жана жаңыланган болуп чыкты: ал Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкерлердин өмүр баяны бар тизмесин жана көпчүлүк талапкерлердин фотосун, плакаттардын электрондук версияларын, анын ичинде беш аял -талапкердин фото сүрөтүн, шайлоонун натыйжалары жөнүндө акыркы жаңылыктарды жана Ата-Мекендин мүчөлөрү өткөрүп жаткан ачкачылык акцияларын камтыды. Бирок, бул ошондой эле, башка партиялардын басымдуу көпчүлүк материалдарында аял - талапкерлер партиялык лидерлердин арткы планында туруу менен экинчи ролдо калды.

Бүтүндөй алганда үгүт өнөктүгүндө аялдардын образы өз алдынча жигердүү чагылдырылбай жана иш жүзүндө катары аялдын кесипкөйлүк образы көрсөтүлгөн жок деп айтууга болот.

[14] Партиянын расмий өкүлү Ч.И.Жакупова коммерциялык жарнамалык эфирге партиянын укугу бузулгандыгы жагынан БШКга бир нече жолу кайрылды, анткени УТРКнын жетекчилиги партиянын жарнамасын көрсөтүүгө тиешелүү келишимди түзүүгө ар кандай шылтоолор менен тоскоолдук кылды.

## КОРУТУНДУ

Кыргызстан адам укугу жагынан эл аралык Конвенцияларды ратификациялап, адам укуктарын сактоо саясатын камсыз кылуу боюнча, анын ичинде гендердик теңчиликти алга жылдыруу милдеттенмелерин өзүнө алгандан бери он жылдан ашык убакыт өттү. Бирок бийлик жана башкаруу чөйрөсүндө гендердик теңчилик мурдагыдай эле кол жеткис идея бойдон калууда.

Эмне үчүн аялдар саясатта өзүнүн татыктуу ордун ээлей албайт, кантсе да жыныстык ценз эчак жоюлуп жана дүйнөлүк шериктештик аялдардын саясий лидерлигин колдоонун өзөктүү механизмдерин аныктабады беле? Бул суроого жооп бир караганда анчалык айкын жана радикалдуу эмес. Ар кандай тармактардагы адистер ага жооп берүүгө ниеттенип, ар кандай факторлорго басым жасайт. Айрымдары социалдык-маданий аспекттерди, башкалары ченемдик жоболордун даяр эместигин көрсөтөт. Биреөлөр теңчилик саясатын алга жылдырууга мониторингдин натыйжалуу системасынын, жетишилген натыйжалар боюнча мамлекеттин так отчеттуулугунун жана жоопкерчилигинин жоктугуна шылтайт.[15]

Шайлоо процесстерин жана партияларды өнүктүрүү боюнча мыйзамдарды иликтөө гендердик өнүктүрүүгө жана тиешелүү милдеттенмелерди турмушка ашырууга өлкөнүн жогорку жетекчилигинин саясый эрки жана аракеттердин стратегиясы приоритеттүү (артыкчылыктуу) маанилөө экендигин айгинелеп турат.

Кыргызстанда саясый партиялар мейкиндиги али аягына чейин калыптанбагандыктан, программалык айырмачылыктарды жана партиянын сол, оң жана борборчул блокторуна таандыктыгын, кала берсе партиянын ичинде да көпчүлүгү так түшүнбөйт. Бүгүнкү күндө партиядан көрсөтүлүү ар бир депутаттыкка талапкер үчүн – бийликке карай жылуу үчүн алда канча ыңгайлуу каналды табуу гана.[16]

Кыргыз Республикасында саясый партиялар паритеттик демократияны куруу үчүн таасирдүү шайман болуп калгандыр, бирок партиялардын ичинде гендердик режимди жана партиялык лидерлердин баа берүүлөрүн өзгөртүү үчүн партиялык түзүлүш процессине гендердик окутууну интеграциялоо жана мамлекеттин гендердик маселелерге багытталган аракеттеринин практикасын кеңейтүү боюнча андан аркы чаалыкпай иштөө керек.

Партиялык системаны өнүктүрүү гендердик ыкмаларды жана принциптерди шайкеш камтуу үчүн бул процессти дал азыр баштоо маанилүү.

Кыргыз Республикасындагы Шайлоо жөнүндөгү Кодекстин 77-беренесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүлөрдү аныктады: саясый партиялар алган депутаттык мандаттарды бөлүштүрүү: Ак Жол элдик партиясы - 71 (же парламенттеги орундардын 78%и), Социал-демократиялык партия (КСДП) – 11 мандат, Кыргызстан Коммунисттер партиясы – 8.

[15] Анара Молдошеванын «Жергиликтүү жана парламенттик шайлоонун гендердик аспекттери» деген аналитикалык баяндамасы Кыргызстан боюнча изилдөөлөрдө болгон бардык ыкмаларды жана позицияларды мыкты талдайт

[16] Дал ошондуктан, кала берсе Р.Отунбаева же Н.Байболова (ошондой эле алардын эркек кесиптештери – Б.Бешимов, Т.Сарпашев, Т.Сариев жана башкалар) сыяктуу тажрыйбалуу саясатчылар, стажы бар коомдук ишмерлер шайлоонун алдында бир саясый партиядан башкасынын, кээде көз караштары жана баалуулуктары боюнча партиянын мүчөлүгүн алмаштырууга оңой эле барышты.